УДК: 947.1

Жусупова М.М.

*ТалМУ (Талас шаары)*

# ЭР СОЛТОНОЙ – ЭЛДИН ЭРКИНДИГИ ҮЧҮН КҮРӨШКӨН БААТЫР

*Макалада Талас чөлкөмүнөн чыккан, XVII кылымдын экинчи жарымы менен XVII кылымдын баш жагында өмүр кечирген, эрдигин бүтүн кыргыз калкы баалаган эл баатыры Эр Солтоной жөнүндө баяндалды*

*In this arhicle we will talk about hero Er-Soltonoy.*

*He was XVIII centuries well know hero from Talas region.*

Кыргыз элиин Ата Мекен тарыхын окуп үйрөнүү ушул күнгө чейин өзүнүн маани-маңызын жогото элек. Ата Мекен тарыхындагы көптөгөн маселелерге жыйынтык чыгарыла элек. Алсак, тарыхый инсандардын ролуна жана ордуна туура обьективдүү баа берүү ар бирибиздин милдетибиз экенин билсек.

Улуттук мамлекеттүүлүк идеясынын калыптанышына, өсүп-өнүгүшүнө салымын кошкон, калк ичинен суурулуп чыккан улуу инсандардын эмгеги, кошкон салымы өзүнчө тарых. Ар бир доордо тарыхый инсандардын ээлеген орду бар. Талас чөлкөмүнөн чыккан, XVII кылымдын экинчи жарымы менен XVII кылымдын баш жагында өмүр кечирген, эрдигин бүтүн кыргыз калкы баалаган эл баатыры бул – Эр Солтоной. Өз мезгилинде Эр Солтоной кыргыз элине кыйынчылык түшүп турганда, башкача айтканда, калмак баскынчыларынын мизин кайтарып, аларга каршы туруштук берип, эрдигин көрсөткөн. Баатыр өмүрүнүн бардыгы кыргыз элинин турмушу менен тыгыз байланышкан. Ата Мекенинин тынчтыгы үчүн күрөшкөн. Атаке баатыр, Итим баатыр жана Бердике баатырларды өзүнүн аскердик ыкмаларына үйрөткөн.

Сүйөркул Абдрахмановдун айтуусу боюнча “Эр Солтоной” эпосу 1959-жылы Фрунзе шаарында жарык көргөн. Ал эми Ш.Мамбеталиевдин “Тарых күүсүндөгү инсандар” аттуу эмгегинде төмөндөгүчө сүрөттөйт: “Бийик бойлуу, кең далылуу, толук чымыр адам болгон” деп.

Эл оозундагы маалыматтар боюнча алганда, "Эр Солтоной", а дегенде кара сөз түрүндөгү аңгеме катары жашап келген. Ошону менен катар Жетилең апанын кошогу да айтылган. Анан аларды топтоп эпоско айландырып айткан киши Абдыракман болгон. Бирок ал эл кыдырып айтпаган. Кызыккандар атайы келип угушкан. Мисалы: "Бала болсоң атка мин, ата-тегиң жатка бил. Эли-жериң сактай бил. Эрөөлгө өзүң таптай жүр, Эр Солтоной ким болгон? Мына ошону тактай бил. Ат жалында өрттөй бол. Арбын душман беттешсе, аз да болсоң көптөй бол", же "Жабыр баян Солтоной Жанчканы тирүү болбогон, Сайып атса Солтоной таш да болсо онтогон" [1: 64] деп ырдаган. Чыгарманын чордонунда Эр Солтоной турган. Бирок Абдыракман дубана чалыш киши болгондуктан, ар бир саптан кийин "Алдах үй" дей берген. Кыязы, ушул сөз таасир этсе керек, эпосту эч ким жазып албаган. Чатбазарлык Бает уулу Шүкүр да "Эр Солтоной" дастанын мыкты айтчу экен. Кийин 1945-жылдан баштап 1951-жылга чейин эпосту Абдрыхмандын уулу Сүйөркул жазып, аны үч жолу оңдоп көчүргөн. Ал көлөмдүү эпос болсо да, эмнегедир Сүйөркул аксакал кол баштаган баатыр Эр Солтонойду чоронун деңгээлине түшүрүп салган. Кандай себептен мындай өзгөртүү болгону белгисиз. Бирок "Бүргө баатыр" деген китепте Мамадалы санжырачы теңтушу Сүйөркулдун "Эр Солтонойду китеп кылып чыгара турган болдум, көбүн өзгөртүп салды, партия уруксат кылбай" дегенин, автор айласыз аны жомокко айландырганын эскерет. Мындай Эр Солтонойдун арткы катарга жылдырылып калышын өз учурунда көптү билген, куйма кулак жана кутман карыя Үсөнбек Өмүралиев ачык эле айтып жүргөн экен. Экинчиден, Эр Солтонойдун тарыхый инсан катары артында калтырган издери жөнүндө бир кыйла маалыматтар бар. Мисалы, "Кызыл кыргыз тарыхы" деген эмгектин автору Белек Солтоноев аталган китебинде Эр Солтонойдун калмак

баатыры Дөңкөнөйдү жеңгендеги эрдиги баяндалган. Ал эми белгилүү таластык санжырачы Үмөт Молдо Түгөлбай уулунун жазып калтырган эмгегинде жекеге эч ким чыкпаган соң, Эр Солтонойдун өзү калмактарга кыргын салып, экинчи күнкү салгылашта аты жүрбөй калып, шейит болгонун жазат. Анда "Чабдар аттуу Солтоной, Салтанаттуу Солтоной, кыргызга жардам болгон Солтоной, калмакка кыргын салган Солтоной" делет [2: 115-120]. Ал эми жазуучу Асанбек Стамов "Жортуул" деген чыгармасында: "Алтын кемерлүү Эр Солтоной токсондон ашканча эр сайышка түшүп, жортуулдан калган эмес" - деп жазат. Баатырдын эрдиги жөнүндө Бала Айылчынын санжырасында атайын кеп кылынган [3]. Талас районундагы Арал айылында жашап өткөн Медет чечен Бөкөл уулу Эр Солтонойдун "Кыргыз кыйырына жоо келгенде, баатырдын ооруп жана карып калууга эч акысы жок" деген сөзүн насаат иретинде дайыма айтып жүргөн. Талас телерадио компаниясынын директору, фиолософия илимдеринин кандидаты, тажрыйбалуу журналист Эрмек Үмөтов: "Кыргыз эли үчүн, журтубуздун биримдиги үчүн мындан 300 жыл чамалаш канын-жанын аябай салгылашып, калмак баскынчыларынан жергебизди бошотууда өзүнүн көйкашка эрдиги менен даңазасы таш жарган Эр Солтоной бабабыз бүгүнкү эгемендүүлүктүн шартында кайрадан такталып жаткан кыргыз тарыхында опол тоодой орду бар элдик баатырларыбыздын бири" деп "Эр Солтоной" деген тарыхый очерктин баш сөзүндө белгиленген. Ал эми Бейшенбек Кенжегараевдин 2004-жылы "Эр Солтоной" деген тарыхый очерки "Учкун" АК басмаканасынан жарык көрдү. Ал эми тажрыйбалуу журналист Аман Көчөрбаевдин "Бердике баатыр жана анын урпактары" деген китебинде дүркүрөп өсүп келаткан жаш баатырларга Эр Солтоной эрдиги менен үлгү болгону баса белгиленет [1: 31] 2000-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнүнө карата Талас шаарынын борборуна Эр Солтонойдун айкели орнотулган. Кыскасы, Эр Солтоной – жомоктук каарман эмес, кыргыздын кыйырына таанылган улуу инсан, улуттук баатыр. Анын атасы Байсейиттин миңдеген урпактары Кыргызстандын бардык аймагында жашашат, ал эми жеке Эр Солтонойдун жүздөгөн укум-тукуму Талас жана Чүй өрөөндөрүндө өмүр кечиришет.

Эр Солтоной баатырдын урууcу кыргыз ичинде жетиген, уругу Байсейит. Ал эми Байсейит Эр Солтонойдун атасы болгон, урук ошол кишинин атынан аталып калган.

Эр Солтонойдун атасы баатыр, апасы балбан болгондугун кээ бир маалыматтардан билүүгө болот. Өзү да москоолунан келген, булчуңдары өрүлгөн аркандай жик-жиги менен буралып турган. Бүткүл өмүрү жоо менен алышып, эрдик көрсөтүү менен өткөн. Туулган жери, элде айтылып жүргөндөй, "Дөөдөй эриң Солтоной, төрөлгөн жери Чоң-Кошой". Бул – Таластын көкүрөк жагы, асыл тукум жылкы заводу жайгашкан аймак.

Бирок Эр Солтоной бабабыздын туулган жана курман болгон жылы боюнча эки ача пикир бар. Биз экөөнү тең чагылдырууну ылайык таптык. Биринчиси – "Эр Солтоной 93 жашында калмактар менен Сокулук суусунун боюндагы теңдешсиз салгылашууда 1733-жылдын кеч күзүндө курман болот" деген маалымат. Ушундан улам баатырды 1640-жылы туулган деп эсептешет. Бул маалыматты туура деп эсептешкендер: жазуучу Асанбек Стамов, изилдөөчү Бейшенбек Кенжегараев, Үсөнбек Өмүралиев жана бир катар жергиликтүү санжырачылар. Экинчиси – жылы көрсөтүлбөгөн окуя. Ал – Белек Солтоноевдин жазып калтырган маалыматы. Анда "Солтоной 60 жашка келгенде Тынайдан 13 жаштагы Атаке, Солтодон 13 жашар Момоконду алып, 200 киши менен келип, Карабалта, Аксууда жаткан калмак менен урушуп, көп мал алып, Карабалта ашып жылкыны 100 киши менен жөнөтүп, Солтоной Атаке менен Момоконду жанына алып калып Кызыл–Белестен тосуп жатканда, Жыламыштан Дөңкөнөй баштап көп калмак урушка чыгып, урушта Солтоной баштап 30 киши өлүп, калганы качып Кошойго барган. Кыш түшүп калып, Кошой калмак менен уруша албай калган. Себеп Коңур-Өгүздүн жолу бекип калып, кыштын күнү Чүйгө киши келе албай калат" [5: 140-141]. Бирок Белек Солтоноев бул Чүйдүн Ала-Арча, Жыламышында болгон согуштун жылын көрсөткөн эмес. Ал эми Үмөт Молдонун жазып калтырган эмгектеринде 1721-жылы казак ханы Абулкайыр

калмактарды кыргыз, казак жеринен биргелешип кууп чыгуу ниетин кыргыздарга билдирген. Бул ойду кыргыздын башчылары: бугудан - Бирназар, сарбагыштан - Мааматкул, солтодон - Кошой, кушчу-жетигенден - Солтоной, Үсөйүн баатыр, Саруудан - Бердике, саяктан - Качканак, Белек, Үчүкө колдогон. Бул уруш Сокулук деген жерде болгон. Биринчи күнкү салгылашта кыргыз менен казак биримдикте салгылашкан да, Солтоной калмактарга кыргын салган. Бирок эмнегедир казактар майдандан кетип калышкан. Экинчи күнү аты чарчап калган Солтоной баатыр курман болот. Бирок бул окуя кайсы жылы болгону көрсөтүлбөйт, тек андан 1721-жылдан кийинки учурда согуш болгонун болжоп билүүгө болот. Эгерде тарыхый материалдарга кайрылсак, ошол кездерде казак хандыгы кайра бөлүндү болуп, үч хандыкка ыдырап кетет. 1722-1723-жылдарда кыргыз-казак аймактарында катуу жут болгон. Ал эми ушундай кырдаалды пайдаланган коңтайчы Цеван-Рабдан 1723-жылы 60 миң аскер менен баскынчыл жортуулга аттанып, кыргыз менен казактарды чапкан, натыйжада, мурда сүрүлбөй калган айрым түндүк урууларынын көбү Фергана аймагына кире качышкан. Бул окуя элдин эсинде "улуу каргаша мезгили" деп аталып калган [6: 145]. Ал эми 1725-1727-жылдарда калмактар Кыргызстандын түндүгүнө жортуул жасашкан. 1732-жылы калмактар Кетмен-Төбөдөгү Мааматкул бий башкарган кыргыздарга басып киришкен. Демек, тарыхый окуялар Эр Солтонойдун курман болушу 1723-жылга туура келиши мүмкүн деген божомол чыгарууга мүмкүндүк берет. Аны башка Атаке, Бердике, Бүргө, Кошой, Мааматкул жөнүндө сөз болгондо, ысымын кошо атоо менен чектелишет.

Оболу, Эр Солтонойду эң жакшы билген таластыктардын "Талас энциклопедиясында" да бул улуу Адам унутулуп кирбей калган.

Эр Солтоной таржымалында анын туулган жылы курман болгон күнүнө жана жашына карата эсептелип жүрөт. Демек, ал 1640-жылы туулуп, 1733-жылы 93 жашында курман болгон. Экинчи маалымат боюнча, баатыр 1663-жылы туулуп, 1723-жылы 60 жашында кайтыш болот. Албетте, бул фактылык материалды иликтеп тактоону келечекте тарыхчылар колуна алар. Бирок бир нерсе ачык-айкын, бул −баатырдын курман болушу жөнүндөгү тарыхый окуялардын бир жерден чыгышы. Атап айтсак: 1) душмандын сан жагынан артыкчылык кылышы, ал бирде 60 миң делсе, бирде теңдешсиз көп жоо деп айтылат; 2) бул салгылаш 1723-же1733-жылы болсо да, анын борборунда баатыр Солтоной турат, муну Белек Солтоноев да Бала Айылчы да, Үмөт Молдо да, Бейшенбек Кенжегараев да, Асанбек Стамов да тастыктайт. Демек, Эр Солтоной бул согушка катардагы жоокер болуп катышпаган, колду башкарган (баса, башка кыргыз баатырларынын бири да кол башкаргандыгы аларда айтылбайт, башынан аягына чейин сөз биз кеп кылган баатыр жөнүндө гана болот), жекеге чыккан, өзү салгылашып, душманга кыргын салган, экинчи күнүндө казактардын майдандан кетип калганына да карабастан, кармашты уланта берген жана акырында аты чарчап жүрбөй калып (Б.Кенжегараевде ок тийген аты бир бутунан сылтып, анан барып артына очорулуп калат), ошондон соң өзү курман болот; 3) салгылаш Сокулук суусунун боюнда өтөт; 4) өткөн мезгил − кеч күз. Баатырдын денесин калмактар Сокулук суусуна салып жиберишет. Анын курман болгонун уккан байбичеси Жетилең апа кошок кошуу менен чектелбеген, "Эч болбосо, баатырдын сөөгүн көрүп калайын" деген ниет менен майдан өткөн жерге барып, суу бойлоп издеген, анан таппаган соң, өзү да Сокулук суусуна бой таштап набыт болгон экен.

**Адабияттар:**

1. Кенжегарев Б. Эр Солтоной. -Б., 2004.
2. КУИА, инв №191
3. Ала-Тоо журналы. Бишкек, 1991. № 8 саны.
4. Эр Солтоной. -Бишкек, 2006.
5. Солтоноев Б., Кызыл кыргыз тарыхы. –Бишкек, 1993.
6. Кошоев М. Кыргыз эли: тарыхы жана руху. -Бишкек, 2006.